**Ош мамлекеттик университетинде адисти контракттык негизде даярдоо жөнүндөгү**

# КЕЛИШИМ

Ош шаары «___» __________ 2013-ж.

Бир тараптан Ош мамлекеттик университетинин ректору **К. Исаков**, мындан ары «Ош МУ» деп аталат, «КРнын билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын» университеттин Уставынын жана келишимдик негизде адистерди даярдоо жөнүндөгү Жобонун негизинде экинчи жактан, мындан ары «Студент», деп көрсөтүлүүчү:

______________________________________________________________________________

(ишкананын аты, уюм же фирманын жетекчисинин же жеке тараптын аты-жөнү)

______________________________________________________________________________

төмөнкүлөр жөнүндө ушул келишимди түзүшөт.

## I. **Келишимдин негизи:**

1.1. Университет контракттык негизде ___________________________________ адистиги боюнча ______________ окуу формасында адисти даярдоо жоопкерчилигин өзүнө алат;

1.2. Студент университетке окуу акысын келишимде көрсөтүлгөн өлчөмдө жана тартипте төлөйт.

## II. Жактардын укуктары жана милдеттери:

**2.1. Ош МУ милдеттенет:**

2.1.1. Кирүү сынагынын жыйынтыгы боюнча жана бардык тиешелүү документтердин негизинде студенттик билетти жана зачеттук китепчени берүү менен Ош МУнун 1-курсуна кабыл алууга;

2.1.2. Талапка жооп бергендей билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө жана инсанды тандаган кесиби боюнча квалификациялык мүнөздө ар тараптуу өнүктүрүүгө;

2.1.3. Билим берүү процессинин бардык мезгилинде студенттерге тарбиялоо ишин жүргүзүүгө жана аны уюштурууга. Студенттердин сабактарга катышуусун жана окуудагы жетишкендиктерин көзөмөлдөөгө;

2.1.4. Көрсөтүлгөн тартипке ылайык социалдык кепилдик берүү жана профсоюздук колдоо көрсөтүү жолу менен «Студенттин» укуктук кызыкчылыгын коргоого;

2.1.5. Окуу курсун толук аяктары менен Кыргыз Республикасынын бекитилген үлгүсүндөгү билими жөнүндөгү дипломду “Студентке” берүүгө.

**2.2. Ош МУнун укуктары:**

2.2.1. Ар бир окуу жылынын башында инфляцияны жана университеттин реалдуу чыгымдарын эске алуу менен окуу акысынын өлчөмүн аныктайт.

2.2.2. Ош МУга абитуриенттерди кабыл алуу, студенттерди курстан-курска көчүрүү, бир адистиктен башка адистикке которуу, окуудан чыгаруу жана тикелөө буйруктарын чыгарат.

2.2.3. 10-сентябрга чейин 1-курска келишимдик акынын 50% төлөбөгөн учурда ОшМУ адисти даярдоо келишимин бузат. Бул учурда «Студентти» сабактарга киргизбөө жана аны окуудан чыгаруу боюнча буйрук чыгарат.

2.2.4. Окууга келишимдик акыны өз убагында төлөбөсө, академиялык карыздары жана себепсиз 60 саат сабак калтырса, университеттин ички тартип эрежелерин бузса, «Студентти» окуудан чыгарат.

2.2.5. Келишимдин 2.2.4. пунктуна карай «Студентти» окуудан чыгарууда «Студенттин» окууга төлөгөн акчасынан окуган мөөнөтүнө ылайык чыгымы кармалып, калганы кайтарылып берилет.

2.2.6. Студенттин каалоосуна карай кошумча акы төлөө менен кошумча билим берүү кызматын сунуштайт жана муктаждыкка карай жатаканадан орун берет.

2.2.7. «Студент» академиялык өргүүдөн кайтканда, студенттердин катарына кайрадан тикеленгенде окуу акысынын өлчөмдөрүн жаңы тариф (өлчөм) менен төлөөсүн кайра карап чыгат.

**2.3. Студент милдеттенет:**

2.3.1. Уставды, окуунун регламентин, ички тартип эрежелерин сактоого жана университеттин жетекчилигинин буйруктарын, токтомдорун аткарууга;

2.3.2. Окуу процессинин иш ыраатын сактоого жана окуу программаларынын негизинде каралган сабактын түрлөрүнө, билим берүүнүн ар кандай формаларына катышууга;

2.3.3. Жогорку атайын адистик билим берүүнүн багыттары боюнча мамлекеттик стандарттын талабына ылайык окуу программасын өздөштүрүүгө.

2.3.4. 10-сентябрга чейин _________________________ сом өлчөмүндө 50% окуу жылынын биринчи жарымында төгүүгө.

2.3.5. Андан кийинки курстарда келишимдик акыны 1-октябрга чейин 50%, калганын 1-февралга чейин төлөөгө.

2.3.6. Ар кандай коомдук–маданий иш чараларга активдүү катышууга. Университеттин мүлкүнө аяр мамиле жасоого, мүлккө зыян келген учурда төлөп берүүгө.

2.3.7. Окуудагы жетишпегендиги, сабакты көп калтыргандыгы боюнча окуудан чыгарылганда, өз каалоосу менен семестр үчүн келишимдик акыны төлөп берүүгө.

**2.4. Студенттин укуктары:**

2.4.1. Мамлекеттик стандарттын талабына ылайык илим, техниканын жана маданияттын өнүгүшүнө карай билим ала алат;

2.4.2. Университетке студенттерди кабыл алуу, которуу, тикелөө жана окуудан чыгаруу буйруктары жөнүндө маалымат ала алат;

2.4.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо менен маанилүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө, ар кандай техникалык чыгармачылыкка жана өздүк көркөм чыгармачылыкка катыша алат;

2.4.4. Университеттин профсоюз уюмунун мүчөсү болууга жана ал аркылуу өзүнүн социалдык, укуктук таламдарын коргоого, ошондой эле тартипке ылайык бийлик органдарына жана студенттик өзүн-өзү башкарууга шайланууга жана шайлоого укуктуу;

2.4.5. Студенттик кошундарды жана улуттук маданий көңүл ачуучу борборлорду уюштурат, университет жөнүндө ишенимдүү маалыматтарды жайылта алат;

2.4.6. Ден соолугуна байланыштуу жана жобого ылайык бир жылдык академиялык өргүү суроого укуктуу.

## III. Жалпы жоболор.

3.1. Келишим тараптар кол койгон күндөн баштап күчүнө кирет жана студенттин окуу мөөнөтү бүткөнгө чейин жарамдуу.

3.2. Келишимде көрсөтүлгөн милдеттер тараптар тарабынан аткарылбаса, тараптардын жазма билдирүүсүнүн негизинде 10 күндөн кийин мөөнөтүнөн мурда бузулат.

3.3. Келишим боюнча тараптар арасында талаш маселе болсо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде чечилет.

3.4. Келишим эки нускада түзүлөт жана эки тарап бул келишимден бир нускадан өздөрүнө алышат.

| | | |
|---|---|---|
| **Ош МУнун ректору**<br>**проф. К. Исаков** | **Студент**<br>_________________<br>Ф.А.А. | **Мекеме же**<br>**фирманын жетекчиси** |
| ________________<br>колу | __________________<br>колу | ______________________<br>Ф.И.О.<br>_____________________<br>колу |
| «__» _______ 20__-ж. | «___» __________ 20__-ж. | «__» ___________20__-ж. |
| 723500. Ош ш. Ленин к., 331<br>тел.: 2- 22 -73: | Дареги: _____________________<br>тел.: ____________________ | Дареги: ____________________<br>тел.: ______________________ |